# «ИШЕНЕМ СУЙОРУНО»

Сөзү: Мухтар Мааназаровдуку
Обону: Мамарасил Мавляновдуку

Шар аккан суу боюнда,
Берилип биз оюнга,
Күлкүңдү угар элем,
Суу чачып бүт боюңа.

Окшотуп коёр элем,
Куштардын чүрөгүнө.
Суу чачпай өрт чачкансың,
Суусаган жүрөгүмө.

Бийлесе билектериң,
Бийлегим келет менин.
Жанаша бой салдырып,
Бийлетет сенин демиң.

Бактымды сенден издеп,
Тартылдым бир өзүңө.
Бий болуп келчи сүйүүм,
Буулуккан жүрөгүмө.

Жайлоодо жашыл чөптө,
Жылдыздар жанып көктө,
Унуткус күндөр өткөн,
Ак чөлмөк ойноп кечте.

Жаз менен келчи сүйүүм,
Сагынган жүрөгүмө.
Сыр болуп журсо деле
Ишенем суйоруно